ЖОГОРКУ КЕНЕШ

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ

ОТЧЕТ

(2016-ЖЫЛДЫН 1- СЕНТЯБРЫНАН 2017- ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)



Бишкек 2017



СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**

(2016-ЖЫЛДЫН 1- СЕНТЯБРЫНАН 2017- ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

VI ЧАКЫРЫЛЫШ

2-СЕССИЯ

МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ

Жогорку Кеңештин Төрагасы Ч. Турсунбеков 4

ИНФОГРАФИКА

Жогорку Кеңештин фракциялары 5
Парламенттик көпчүлүк жана азчылык 6
Жогорку Кеңештин комитеттери 7
Жогорку Кеңештин убактылуу комиссиялары 8
Жогорку Кеңештин депутаттары жөнүндө маалыматтар 9
Жогорку Кеңештин пленардык жыйналыштары 10
Демилгелөө субъектилери боюнча мыйзам долбоорлорунун саны 10
Жогорку Кеңештин токтомдору 11
Мыйзам долбоорлорунун кыймылы жөнүндө маалыматтар 12
Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү 12
Президент кол койгон мыйзамдар 13
Жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылуулары 14
Жогорку Кеңештин фракцияларынын жыйындары 15
Фракциялар тарабынан өткөрүлгөн иш-чаралар 15
Фракциялардын жарандарды кабыл алуусу 16
Жарандардын фракцияларга кайрылуулары 17
Фракцияларга кайрылуулардын мазмуну 17
Фракциялар боюнча депутаттык суроо-талаптар 18
Тармактар боюнча депутаттык суроо-талаптар 18
Комитеттер боюнча Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдар 19
Комитеттер караган маселелер 20
Жогорку Кеңештин комитеттерине жарандардын кайрылуулары 21
Комитет тарабынан өткөрүлгөн иш-чаралар 22
Кабыл алынган мыйзамдар жөнүндө кыскача маалыматтар 23-46
Кыргыз Республикасы боюнча Төраганын иш сапарлары 47
Кайрылуулардын мазмунуна жараша Төрагага жөнөтүлгөн каттар 47
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет элдик меймандар менен жолугушуулары 48
Парламенттер аралык уюмдар менен Жогорку Кеңештин кызматташуусу 48
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет элдик иш сапарлары жана жолугушуулары 49
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык кызматташуусунун картасы 50
Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет элдик жумушчу иш сапарлары 50
Жогорку Кеңештин жарандык коом жана ЖМК менен алакалары 51-52
Дүйнө парламенттеринин статистикалык маалыматтары 53-54
Белгилөө үчүн 55-56



Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы
Чыныбай Турсунбеков

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын 20-беренесине ылайык, VI чакырылыштагы Жогорку Кеңештин экинчи сессиясынын 2016-жылдын 1-сентябрынан баштап 2017-жылдын 1-июнуна чейинки мезгилдеги иши жөнүндөгү отчётту сиздердин назарыңыздарга сунуш кылам.

Өзүңүздөргө маалым болгондой, Кыргыз Республикасы 2010-жылы Борбордук Азияда биринчилерден болуп парламенттик демократияны куруу жана парламентаризмдин тажрыйбасын өздөштүрүү жолун тандап алган. Бүгүнкү күндө Жогорку Кеңеш саясий чечимдерди кабыл алуунун борбору, коомдун туруктуулугунун фактору, коомдук пикир алышуунун ачык аренасы, саясий ачык-айкындыктын башкы форуму болуп саналат. Жогорку Кенеште ар кандай саясий күчтөрдүн, фракциялардын жана Өкмөттүн өкүлдөрү өздөрүнүн көз караштарын эркин билдирүүдө.

Отчёттук мезгилде парламент тарабынан саясий, социалдык, экономикалык жана укуктук реформаларды андан ары өнүктүрүүгө багытталган коомдук маанилүү 186 мыйзам кабыл алынды.

Элибиздин турмушунда чоң мааниге ээ болгон Өкмөттүн, Улуттук банктын, Эсептөө палатанын жана Башкы прокуратуранын ар жылкы отчёттору каралды.

Андан тышкары, жарандардын жашоо жагдайын жакшыртууга багытталган бир катар маанилүү чечимдер кабыл алынды.

Ушул мезгилде, жалпысынан алганда, Жогорку Кенеш мыйзам чыгаруу бийлигин жана контролдук функцияларын жүзөгө ашырган жогорку өкүлчүлүктүү орган катары биздин мамлекеттин туруктуу өнүгүшүнө, элибиздин жашоо турмушунун сапатын жакшыртууга, укуктун үстөмдүгүн бекемдөөгө өз салымын кошту.

Сунуш кылынган отчёт Жогорку Кеңештин ишинин негизги багыттарын камтып, кабыл алууга жеңил түрдө, жаңы форматта даярдалды жана маңыздуу маалыматтар менен коштолду.


Отчёт коомчулуктун кызыкчылыгын жаратып, Жогорку Кеңештин иши жөнүндө маалымдоонун жаңы салттарын түптөп берет деп ишенем.

Парламенттин экинчи сессиясынын ишинин натыйжаларына өз салымын кошкондугу үчүн Жогорку Кеңештин бардык депутаттарына, фракциялардын лидерлерине, комитеттердин жана комиссиялардын төрагаларына, Өкмөттүн жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнө, Жогорку Кеңештин Аппаратынын жана Иш башкармалыгынын кызматкерлерине ыраазычылык билдирем.

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫ

120 ДЕПУТАТ



ПАРЛАМЕНТТИК КӨПЧҮЛҮК ЖАНА АЗЧЫЛЫК

I КОАЛИЦИЯ

2015-жылдын 2-ноябры 2016-жылдын 26-октябры

ПАРЛАМЕНТТИК КӨПЧҮЛҮК - 80 депутат

- СДПК — 38 депутат
- КЫРГЫЗСТАН — 18 депутат
- ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС — 13 депутат
- АТА МЕКЕН — 11 депутат

ПАРЛАМЕНТТИК ОППОЗИЦИЯ - 40 депутат

- РЕСПУБЛИКА-АТА ЖУРТ — 28 депутат
- БИР БОЛ — 12 депутат

II КОАЛИЦИЯ

2016-жылдын 30 ноябрынан азыркы убакка чейин

ПАРЛАМЕНТТИК КӨПЧҮЛҮК - 68 депутат

- СДПК — 38 депутат
- КЫРГЫЗСТАН — 18 депутат
- БИР БОЛ — 12 депутат

ПАРЛАМЕНТТИК ОППОЗИЦИЯ - 52 депутат

- РЕСПУБЛИКА-АТА ЖУРТ — 28 депутат
- ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС — 13 депутат
- АТА МЕКЕН — 11 депутат

Парламенттик көпчүлүк – депутаттык мандаттардын жарымынан ашыгына ээ болгон фракция же фракциялардын коалициясы
Парламенттик азчылык – парламенттик көпчүлүктүн коалициясына кирбеген фракция же фракциялар
Парламенттик азчылыктын фракциясы же фракциялары өздөрүн оппозициямын деп жарыялоого укуктары бар

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН КОМИТЕТТЕРИ



1. Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет



19 депутат



2. Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет



11 депутат



3. Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет



9 депутат



4. Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет



12 депутат




5. Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет



15 депутат



6. Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет



14 депутат



7. Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет



12 депутат



8. Бюджет жана финансы боюнча комитет



16 депутат



9. Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет




11 депутат


Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер

Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ

Убактылуу комиссиялардагы фракция депутаттарынын өкүлчүлүгү






- Иштеп жаткан убактылуу комиссиялар
- Ишин аяктаган убактылуу комиссиялар

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

ДЕПУТАТТАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

БИЛИМИ



ЖКга ЧЕЙИНКИ ИШИ


37
МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ


24
БИЗНЕС


8
МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ


51
ИШТИН БАШКА ТҮРҮ


ГЕНДЕРДИК БЕЛГИ БОЮНЧА


100 20


КУРАГЫ

30 жашка чейин	50 жашка чейин	70 жашка чейин
2	72	46

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ПЛЕНАРДЫК ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ




ДЕМИЛГЕЛӨӨ СУБЪЕКТИЛЕРИ БОЮНЧА МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН САНЫ



СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ТОКТОМДОРУ




591 мыйзам долбоорлорун кароо маселелери боюнча

106 ЖКтин уюштуруу маселелери боюнча

33 Өкүлчүлүк жана көзөмөлдүк ыйгарым укуктарын аткаруу маселелери боюнча

27 мамлекеттик, коомдук-саясий, социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери боюнча

МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ



МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУН ЭКСПЕРТИЗАДАН ӨТКӨРҮҮ

- **198** Мыйзам долбоорлору экспертизадан өткөн
- Укуктук-ченемдик актыларга ылыйык келбөө болгон



ПРЕЗИДЕНТ КОЛ КОЙГОН МЫЙЗАМДАР




1
каршы пикирге
макулдук берилген



3
макулдашылган
вариант кабыл
алынган

6
кароодо

ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕНЕШКЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ



31 849
кайрылуулар


2 175
Төрагага
багытталган

24 867
Фракцияларга
багытталган


4 807
Комитеттерге
багытталган

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)


ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДАРЫ




ФРАКЦИЯЛАР ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР



ФРАКЦИЯЛАРДЫН ЖАРАНДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУСУ





СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)


ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ

	СДПК	Республика-Ата Журт	Кыргызстан	Өнүгүү-Прогресс	Бир Бол	Ата Мекен
Бишкек шаары	2827	1321	708	582	794	1608
Чүй облусу	830	1054	373	367	218	1830
Ош облусу	1037	291	394	389	344	749
Жалал-Абад облусу	596	325	315	491	106	961
Баткен облусу	360	211	111	179	38	223
Нарын облусу	363	223	255	159	62	389
Ысык-Көл облусу	459	306	141	206	92	507
Талас облусу	367	451	150	88	31	299
КМШ өлкөлөрү	47	6	5	10	7	33
БАШКАЛАР	579	0	0	0	0	0
ЖЫЙЫНТЫГЫ	7465	4188	2452	2471	1692	6599


ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРДЫН МҮНӨЗҮ



ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР




ТАРМАКТАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР



СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)


КОМИТЕТТЕР БОЮНЧА ЖОГОРКУ КЕҢЕШ КАБЫЛ АЛГАН МЫЙЗАМДАР



1. Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет
2. Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет
3. Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет
4. Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет
5. Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет
6. Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет
7. Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет
8. Бюджет жана финансы боюнча комитет
9. Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет

- Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер
- Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

КОМИТЕТТЕР ТАРАБЫНАН КАРАЛГАН МАСЕЛЕЛЕР




1. Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет
2. Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет
3. Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет
4. Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет
5. Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет
6. Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет
7. Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет
8. Бюджет жана финансы боюнча комитет
9. Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет

- Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер
- Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ


РЕГИОНДОР БОЮНЧА



	1	2	3	4	5	6	7	8	9
Бишкек шаары	258	89	671	264	115	94	97	18	215
Чүй облусу	127	49	156	61	60	91	52	12	113
Ош облусу	87	68	163	71	48	35	0	21	60
Жалал-Абад облусу	64	41	247	47	27	10	1	10	36
Баткен облусу	27	27	97	53	22	15	10	36	12
Нарын облусу	32	12	109	57	33	12	6	5	16
Ысык-Көл облусу	54	16	136	58	29	7	1	6	43
Талас облусу	45	10	118	53	25	8	1	8	22
КМШ өлкөлөрү	0	2	0	0	6	0	0	0	0

КОМИТЕТ ТАРАБЫНАН ӨТКӨРҮЛГӨН ИШ-ЧАРАЛАР

- **29** парламенттик угуулар
- **21** тегерек стол
- **2** өкмөттүк саат
- **2** өкмөттүк күн
- **2** конференция



КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна ылайыкташтыруу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **“Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө”** жаңы конституциялык **Мыйзам**[1] кабыл алынды.

Референдумду уюштуруунун жана аны өткөрүүнүн тартибин караган жоболор Конституцияга ылайык келтирилди. Атап айтканда, референдумду демилгелеген субъектилер, чыгарылуучу маселелер, кол топтоонун тартиби, кол коюлган баракчаларды текшерүү, референдумду дайындоонун, комиссияларды түзүүнүн тартиби, алардын ыйгарым укуктары жана комиссиялардын мүчөлөрүнүн статусу, референдум үчүн участокторду түзүү тартиби белгиленди.

Референдумда каралуучу маселелерге “макул” же “каршы” деп үгүт жүргүзгөн референдумдун катышуучуларынын топторунун, ошондой эле элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө мыйзамдарга ылайык мыйзам долбоорун демилгелөө үчүн кол топтоону ишке ашыруучу демилгечи топтун иштери мыйзам аркылуу чектелди.

Мыйзам референдум өткөрүүдө жарандардын биометрикалык маалыматтарын пайдалануу менен жаңы автоматташтырылган технологияларды колдонууга, референдумга катышуучулардын электрондук системасын түзүүгө, автоматтык эсептөөчү үкөктөрдү (урналарды) пайдалануга мүмкүнчүлүк берет. Мындай технологиялар референдумдун башка катышуучусу үчүн добуш берүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга жана добуштарды саноонун аныктыгын камсыз кылууга багытталган.

Жалпысынан мыйзамдын жардамы менен референдумда элдин объективдүү эркин билдирүүсүн камсыз кылуу үчүн укуктук шарттар түзүлдү.



[1] *2016-жылдын 26-октябрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2016-жылдын 31-октябрында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси боюнча элдин эркин аныктоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **“Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”**[1] **Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу” Мыйзамы**[2] кабыл алынды.

Демилгелер:

- көз карандысыздыкты жана мамлекеттин эгемендүүлүгүн бекемдөөгө
- никедеги жана үй-бүлөдөгү жубайлардын милдеттеринин тең укуктуулугуна
- парламенттик коалицияны бекемдөөгө
- Жогорку Кеңеш менен Өкмөттүн алакасын жакшыртууга
- Премьер-министрдин жана Өкмөттүн статусун бекемдөөгө
- сот реформасын өткөрүүгө багытталган

2016-жылдын 11-декабрында Кыргызстандын эли Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү колдоду



[1] *2016-жылдын 2-ноябрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2016-жылдын 3-ноябрында Президент кол койгон*
[2] *2016-жылдын 11-декабрында Эл тарабынан Референдумда кабыл алынган, 2016-жылдын 28-декабрында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2010-жылдын 7-апрелиндеги революция учурунда курман болушкан баатырлардын элесин түбөлүккө калтыруу, алардын аттарын тарыхта сактоо, атуулдукту даңазалоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **“Апрель революциясынын Баатырлары чокусу” деген географиялык аталышты ыйгаруу жөнүндө Мыйзам[1] кабыл алынды.**

Кыргызстандын жарандары өтө төмөнкү деңгээлдеги жашоо турмушунун өзгөрбөгөндүгү, бийликтин республиканын экономикалык жана социалдык көйгөйлөрүн чечүүдөн баш тарткандыгы, бийлик жүргүзгөн төбөлдөрдүн өкүлдөрүнүн ортосунда бийлик үчүн күрөштүн ырбашы жана авторитардык тенденциянын өскөндүгү, саясий атаандаштарды өлтүрүп четтеткендиги үчүн Бакиевдин режимине каршы чыгышкан.

«Апрель революциясынын Баатырлары» чокусу[2]
***4142,2** метр*





2010- жылы Бишкектеги кагылышуунун жүрүшүндө Өкмөт үйүнүн жанында

88 КУРМАН БОЛДУ

812 ЖАРАДАР БОЛДУ

[1] *2016-жылдын 15-мартында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 18-мартында Президент кол койгон*
[2] *“Апрель революциясынын баатырларынын чокусу” деген Ысык-Көл областынын Ак-Суу районунун аймагындагы Тескей Ала-Тоо тоо кырларында жайгашкан 4142,2 метр бийиктиктеги аты жок чоку*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2016-жылы Жогорку Кеңеш тарабынан эки маанилүү бюджеттик мыйзамдар кабыл алынды.

“Кыргыз Республикасынын 2016 - жылга республикалык бюджети жана 2017 - 2018 - жылдарга болжолу жөнүндө” Мыйзамга[1] өзгөртүүлөр киргизилди, ага ылайык капиталдык салымдарга чыгымдар 3 млрд. 655 млн. сомго көбөйтүлүп, 8 млрд. 100 млн. сомду түздү.

Жогоруда аталган каражаттар төмөндөгүлөргө:
- Балыкчы-Тамчы-Чолпон-Ата-Корумду автожолдорун реконструкциялоого;
- 2016-жылдагы кайгылуу окуялардын жүрүшүндө курман болгондордун мемориалын курууга;
- Бактуу-Долоноту айылындагы (Ысык-Көл области) ипподромду реконструкциялоого;
- Бишкек-“Манас” аэропорту автожолун капиталдык оңдоону улантууга;
- билим берүү объектилеринин курулушун, Казакстан Республикасы менен чектешкен чек арада контролдук-өткөрүү пункттарын реконструкциялоону аяктоого;
- биринчи кезектеги социалдык мааниси бар калктуу конуштардагы унаа жолдорун калыбына келтирүүгө , чек аралардагы калктуу конуштардын объектилерин каржылоого;
- бир катар ирригациялык курулмалардын курулушун долбоорлоого багытталды.

2016- жылга КР бюджетинде капиталдык салымдарга чыгымдар

капиталдык салымга чыгымдар
>3 655 000 000 СОМ
түздү
=8 416 000 000 СОМ



[1] *2016-жылдын 30-ноябрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2016-жылдын 22-декабрында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019 - жылдарга болжолу жөнүндө Мыйзам[1] кабыл алынды. Мыйзамга ылайык 2017-жылга республикалык бюджеттин жалпы кирешесин 126 млрд. 828 млн. сомго чейин жеткирүү пландаштырылды (2016-жылдагы бюджетке карата 2 млрд. 429 млн. сомго көбөйтүү каралган). 2017-жылы республикалык бюджеттин жалпы чыгашалары 150 млрд. 150 млн. сомду түзүп, 2016-жылга бекитилген бюджеттен 3 млрд. 297 млн. сомго көптүк кылат.

2017-жылга мамлекеттик чыгашалардын саясаты социалдык багытка ээ. Билим берүүгө жана саламаттык сактоого чыгашалар жогорулатылды.

2017-жылы капиталдык салымдар мектептерди, саламаттык сактоо объектилерин, көпүрөлөрдү, Бишкек жана Ош шаарларындагы массалык жеке курулуштар зонасындагы инженердик жана социалдык инфратүзүмдөрдү курууга жана калыбына келтирүүгө, ошондой эле табигый кырсыктардан жабыркагандарга жардам иретинде жумшалмакчы. Ошондой эле айыл чарба өндүрүшчүлөрүнүн пайыздык ставкаларын каржылоого бюджеттен 700 млн. сом каралды.

2017-жылда мамлекеттик инвестициянын маанилүү артыкчылыктары болуп транспорт системасын, энергетикалык инфратүзүмүн, айыл чарбасын, ирригацияны өнүктүрүү саналат.

2017-жылга жалпы **КИРЕШЕЛЕР**

+126 828 600 000 сом

2016 - жылга караганда көп

> 2 429 000 000 сом

2017-жылга жалпы **ЧЫГЫМДАР**

+150 150 000 000 сом

2016- жылга караганда көп

> 3 297 000 000 сом

чыгашалар **КӨБӨЙГӨН** — Билим берүү; Саламаттык сактоо

айыл чарбасын субсидиялоого багытталат

700 000 000 сом

Мамлекеттик инвестициянын артыкчылыктары: Транспорт системасы; Айыл чарбасы; Энергетикалык инфраструктурасы; Ирригация

[1] *2016-жылдын 30-ноябрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 22-декабрында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Энергетика - Кыргыз Республикасынын экономикасынын маанилүү сектору, ошондуктан ага Жогорку Кеңеш өзгөчө көңүл бурууда.

Калкты электр энергиясы менен камсыз кылуу боюнча кырдаалды жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын электр станцияларынын кубаттуулугун жогорулатуу – **Токтогул ГЭСин калыбына келтирүүнү каржылоо боюнча**[1] **жана Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын эксплуатацияга киргизүүчүн инвестициялык кредитти берүү жөнүндө макулдашууларды ратификациялоо боюнча мыйзамдардын** Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынышынын негизги максаттары болуп саналат.


Кабыл алынган мыйзамдар энергия секторун бекемдөө жана андан ары өнүктүрүү саясатын улантууда.

Биринчи макулдашуу боюнча Азия Өнүктүрүү Банкы Кыргыз Республикасына 110 млн. АКШ долларын, анын ичинде 50 млн. долларын грант[2] түрүндө, 60 млн. АКШ долларын жеңилдетилген мезгилге 1,0%дык ставка менен кредит түрүндө жана 1,5% ал аяктагандан кийин 32 жылдык мөөнөткө, жеңилдетилген мезгилди кошкондо – 8 жылга берилет. Токтогул ГЭС реаблитациялоо долбоорунун үчүнчү фазасы ар бир агрегаттын кубаттуулугун 60 мВт жогорулатуу менен калган эки турбоагрегаттарды (№ 1 жана 3) алмаштырууну каралды.


Токтогул ГЭСинин каскадынын иштен чыгуу деңгээли – 36,65% түзөт. Ошол эле убакта иштен чыгуу ченеминин индикатору кризис алдындагы деңгээли – 15%, кризис деңгээли – 25% болуп саналат.

Токтогул ГЭСи орнотулган кубаттуулугу 1200 мВт болгон өлкөнүн эң ири электр станциясы болуп саналат, ал 1975-жылдан бери пайдаланууда жана бардык өндүрүлгөн электр энергиянын 40%га жакынын иштеп чыгат.

Реконструкциядан кийин Токтогул ГЭС кубаттуулугунун өсүшү



2017- жылга реконструкциядан кийин кубаттуулуктун өсүшү



[1] *2017-жылдын 25-майында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 6-июнунда Президент кол койгон*
[2] *Грант - акысыз берилген финансылык жана техникалык жардам*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын пайдалануга берүүнү тездетүү үчүн экинчи макулдашуу боюнча Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фонду Евразия Өнүктүрүү Банкы (ЕАӨБ) аркылуу 110 млн. АКШ долларын бөлүүдө, анын ичинен 38,6 млн. АКШ долларын грант катары (35,14%), калган бөлүгү 71,4 млн. АКШ доллары кредит (64,86%) түрүндө 25 жылдык мөөнөткө 1% менен, 5 жылдык жеңилдетилген мөөнөткө берилмекчи.

Каражаттар кубаттуулугу 120 мВт Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын пайдалануга берүү боюнча иштерге, ошондой эле 500 кВт ачык бөлүштүрүү курулмасын курууга каралган.


Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын пайдалануга берүү 40 мВт кубаттуулугунун кошумча өсүшүнө мүмкүнчүлүк берет, натыйжада Камбар-Ата ГЭС-2 нин суммалык кубаттуулугу 240 мВт түзөт.

Буга чейин Жогорку Кеңеш тарабынан өлкөнүн түштүгүндөгү ЛЭПти, Бишкек ТЭЦин модернизациялоо, Датка-Кемин ЛЭПин, Кемин подстанциясын куруу сыяктуу долбоорлорду жүзөгө ашырууга багытталган мыйзамдар кабыл алынган.

Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи агрегатын пайдалануга берүү



2017- жылга реконструкциядан кийин кубаттуулуктун өсүшү



КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Бүгүнкү күндө үй-бүлө зомбулугунан жабыркаган адамдарды коргоонун мурдагыга караганда натыйжалуу механизмдерин түзүү максаты **“Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө”** жаңы **Мыйзамда**[1] каралды.

Көпчүлүк учурларда социалдык жактан аярлуу үй-бүлө мүчөлөрү – балдар, аялдар, кары-картаңдар үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары болушууда. Мындай учурда жабыркагандар, эреже катары, күнөөлүүгө карата жазалоонун оор чараларын колдонууну каалашпайт, анткени алар бири-бирине жакын адамдар болуп саналышат. Ушуга байланыштуу үй-бүлөдөгү зомбулуктун фактыларына мамлекеттин жана коомчулуктун кийлигишүү мүмкүнчүлүгү оор бойдон кала берүүдө.

Мыйзам 2003-жылга чейин колдонулуп келген “Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө” Мыйзамдын жоболорунун жүзөгө ашырылышын баалоонун жыйынтыктарынын негизинде иштелип чыккан.

Үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрү менен иштөө үчүн мамлекеттик органдардын өз ара аракеттеринин натыйжалуу системасын түзүү жана ушунун ичинде эле мындай көрүнүштөрдү алдын алуу жана профилактикалоо боюнча чаралар жаңы мыйзамдын милдеттери болуп саналат. Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону камсыз кылуунун жаңы механизмдери – милдеттүү түрдө ички иштер органдары тарабынан берилүүчү бирдиктүү коргоо ордери, коопсуз убактылуу жашап туруу үчүн жабыркагандын баш калкага укугу, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамдын коррекциялык программадан өтүү милдети, ж.б. иликтелинген тажрыйбалардын негизинде мыйзам менен каралды.

Аялдарга жана жашы жетпегендерге карата жасалган катталган кылмыштардын (учурлардын) саны



Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган катталган адамдардын саны (убактылуу күзөткө алуу ордерин берүү менен)



[1] *2017-жылдын 16-мартында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 27-апрелинде Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Эрте никеге туруунун социалдык курч актуалдуулугу жана көйгөйдүн резонанстуулугу Жогорку Кеңеш тарабынан **Үй-бүлөлүк кодекске жана Кылмыш-жаза кодексине**[1] өзгөртүүлөрдү киргизүүнү шарттады.

Жашы жетпегендер менен мыйзамсыз никеге туруу практикасы терс социалдык кесепеттерге алып келет. Жашы жете элек кыракта турмушка чыгуу жашы жетпегендин өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунучтун башкы себептеринин бири болуп саналат, ал дене боюна, психикалык жана сексуалдык зомбулуктун жана катаал мамиле жасоонун курмандыгы болуу коркунучун жаратат. Мындан тышкары, эрте никелешүү жашы жетпегендердин билим алуу жана инсандык жактан өнүгүүсү үчүн бөгөт болуп жаткандыгын практика көрсөтүүдө. Ушунун натыйжасында көптөгөн жашы жетпегендер жакырчылыкта жашоого тушугуп, жашоо шарты үчүн өз алдынча каражат табуу мүмкүнчүлүгү чектелген.


Мыйзам жубайды тандап алуу жана муктаждап никеге тургузуудан коргоо укугун жүзөгө ашыруу үчүн мүмкүнчүлүк берет, мындан тышкары ата-энелерин жана дин кызматкерлерин кошкондо жашы жете электерди никеге тургузууга катышкан бардык адамдар үчүн кылмыш жоопкерчилиги киргизилди.

Медициналык-демографиялык иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча турмушка чыккандардын курагы



ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК КУРАКТА турмушка чыгуу

- жашы жетпегендердин өмүрү жана ден соолугу үчүн **КОРКУНУЧ**
- дене боюнан, психикасынан жабыр тартып сексуалдыкка **ЗОМБУЛУККА** дуушар болуу **КОРКУНУЧУ**
- **КАТААЛ МАМИЛЕ** курмандыгы болуу **КОРКУНУЧУ**




[1] *2016-жылдын 5-октябрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2016-жылдын 17-ноябрында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Калктын аярлуу категориясынын – балдардын, жашы жетпегендердин, аялдардын, кары-картаңдардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктарын коргоону камсыз кылууга чоң көңүл бурулууда. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга дене тарбия менен алектенүүсү үчүн шарттарды түзүү жана паралимпиадалык спортту өнүктүрүү - Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган **“Паралимпиадалык спорт жөнүндө”** жаңы **Мыйзамдын**[1] максаты.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын дене тарбия жана спорт менен алектенүүсүнүн өтө төмөн экендигине байланышкан көйгөйлөр ушул Мыйзамдын иштелип чыгышынын негизги себептеринен болду. Алсак, Кыргыз Республикасында 177 миңден ашык майып адамдардын ичинен спортчу-паралимпиадачылардын саны 1000 адамга да жетпейт. Мындай кырдаал начар каржылоонун, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн дене тарбия жана спорт менен алектенүүсүнө жабдуулардын, спорттук инвентарлардын, медициналык спорттук адистердин, атайын окутулган машыктыргыч-окутуучулардын жоктугунан улам жаралууда. Мыйзам менен республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын 3%дан кем эмеси дене тарбия жана спортту каржылоого, паралимпиадалык спорт үчүн даректелүүгө тийиш экендиги тууралуу талап коюлду. Ошондой эле спорттук объектилердин инфратүзүмдөрүнө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын жетишүүсүн камсыз кылуу кепилдиги, окуу-көнүгүү процесстерин жүргүзүү киргизилди.

Дене тарбия жана спортту республикалык бюджеттен каржылоо
Эгерде бюджеттен 3% кен эмес норма колдонулган болсо



2016-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондунун маалыматтарын эске алуу менен 2017-жылдын 1-апрелине региондор боюнча республикадагы ДСМЧ адамдардын саны



КР калкынын саны **6 032 619**

ДСМЧ саны **177 359**

[1] *2016-жылдын 24-ноябрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2016-жылдын 29 декабрында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Өлкөнүн калкынын таза тамак ашка муктаждыгын канааттандырууну жана азык түлүк коопсуздугун жакшыртууну камсыз кылуучу шарттарды түзүү - Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган **“Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө” Мыйзамга**[1] өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзамдын кабыл алынышынын максаты болуп саналат.

Азыркы учурда азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуучу тамак аштардын минималдуу тизмесине 9 түрү кирет, алар нан продуктылары, эт, сүт, картошка, кант, жумуртка, өсүмдүк майы, жашылча жана мөмө-жемиштер.

Кабыл алынган мыйзамда, эгерде мамлекеттик материалдык резервдин запастарынын деңгээли ошол тамак ашка социалдык жактан аярлуу калктын керектөөсүн 90 жана андан ашык күндөргө камсыз кылса, азык түлүк коопсуздугу камсыз кылынды деп эсептелери белгиленди.

Өлкөдө саналып өткөн продуктылардын айрым позициялары боюнча 100% камсыздандырылууга жетишилди, булар жашылча жемиштер жана мөмө-жемиштер, картошка жана сүт. Калган көрсөтүлгөн продуктылар боюнча камсыз кылуу 100% дан азды түзөт.

КР калкын негизги тамак-аш азыктары менен камсыз кылуу



XX,X% төмөнкү көрсөткүч **XX,X%** жогорку көрсөткүч

1. Нан азыгы
2. Картөшкө
3. Жашылча жемиш
4. Мөмө жемиш
5. Эт
6. Сүт
7. Кант
8. Жумуртка
9. Өсүмдүк майы

[1] *2017-жылдын 18-январында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 20-февралында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

1

“Ветеринария жөнүндө” Мыйзамга жана Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө Кодексе[1] Жогорку Кеңеш тарабынан өзгөртүүлөрдү киргизүү Кыргыз Республикасында эпизоотикалык жагымдуулукту жакшыртууга жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүүгө шарттарды түзүүгө багытталды. Түзөтүүлөр жеке ветеринардык кызматты өнүктүрүү, жеке ветеринардык врачтардын, параветеринардык адистердин ишин жөнгө салуу үчүн шарттарды түзөт, бул калкка алар көрсөткөн кызматтардын сапатын жогорулатууну камсыз кылат.

Республикалык бюджет баардыгы 1124 ветеринардык адистердин иштерин каржылайт. Бул сан ветеринардык кызмат көрсөтүү менен толук камтуу үчүн жетишсиз. Калк тарабынан жеке “легалдуу эмес” ветеринардык адистердин кызматынан пайдалануу практикасы алардын кызмат көрсөтүүсүнүн сапатын кепилдей албастыгын көрсөттү. Эми ветеринардык практика ветеринардык статуардык орган болуп саналган КР ветеринардык палатасы аркылуу жөнгө салынат, ал бардык ветеринарларды бириктирип, малга вакцинацияны өз учурунда жана туура жүргүзүүнү жана ветеринардык кызматтын сапатын көзөмөлдөйт. Жалпысынан мыйзамда каралган укуктук нормалар республикада ветеринардык коопсуздукту жогорулатууга мүмкүнчүлүк ачып, үй жаныбарларынан калкка өтүп жаткан оорулардын деңгээлин төмөндөтөт, ошондой эле сырткы рынокко мал чарба жана сүт продукциясын туруктуу экспорттоону камсыз кылуу үчүн шарттарды түзөт.

Ветеринар адистери жана ветеринардык диагностика боюнча жалпы маалыматтар



Калктын эхинококкоз, альвеококкоз, бруцеллез менен ооругандыгы боюнча республикадагы кырдаал



[1] *2017-жылдын 12-апрелинде Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 24-майында Президент кол койгон*


КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Өлкөнүн региондорунун калкын таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу, суу тазалоочу курулмалар жана канализация системасынын маселелерин чечүү максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **“Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө”** Мыйзамга[1] түзөтүү киргизилди.

Бул өзгөрүүлөр мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ичүүчү суу менен камсыз кылуу, суу жүгүртүү объектилерин, чыпкалап тазалоо курулмаларын куруу үчүн жерлерди которууга (трансформациялоого) мүмкүнчүлүк берет, бул адамдардын турмуш шартын жакшыртат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын калкын таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу төмөндөгүдөй: Бишкек шаарында - 100%, Чүй областында – 94,8%, Ысык-Көл областында – 93,4%, Талас областында – 82,3%, Жалал-Абад областында – 82,1%, Ош областында – 80,4%, Баткен областында – 63,1%.

Республика боюнча суу менен камсыз кылуу (суу түтүгү тармагы) системасынын абалы




[1] *2016-жылдын 14-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 18-январында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Кыргыз Республикасында КР жарандарынын турак жайга укугун ишке ашырууга, турак жай шарттарын жакшыртууга, турак жайга ээ болууга мүмкүнчүлүгүн жогорулатууну жана турак жай курулушун өнүктүрүүнү жүзөгө ашыруу боюнча көйгөйлөрдү чечүү максатында **“Мамлекеттик ипотекалык турак жай насыясы жөнүндө” жаңы Мыйзам**[1] Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынды. Ал мамлекеттик ипотекалык кредит берүүнүн механизмин пайдалануу жолу менен жарандардын кыймылсыз мүлктү сатып алуусу үчүн укуктук шарттарды түзөт.

Мыйзамдын нормасы ипотекалык кредиттин пайыздык ставкасын төмөндөтүүнү, аларды сом менен комиссиясыз берүүнү жана 5 жылдык мөөнөттөн кем эмес убакытка ишеним адамын көрсөтпөй туруп берүүнү камтыйт. Катышуучу каалаган учурда кредиттин негизги суммасын мөөнөтүнөн мурда жабууга укуктуу. Мындай чаралар ипотекалык кредиттөөнү жарандар үчүн жеткиликтүү кылууга шарт түзөт.

1 жылдан ашык мөөнөткө ипотекага коммерциялык банктар берген улуттук валютадагы кредиттер



Ипотекага коммерциялык банктардан пайыздык ставкалары



Мыйзам менен мамлекеттик ипотекалык насыя берүүнүн төмөндөгүдөй шарттары киргизилет:

1. Базалык ставкасы - жылына **10 %**
2. Мөөнөтү – **5 жылдан кем эмес**
3. Баштапкы взносу **10% кем эмес**
4. Кредит бергендиги үчүн **комиссия алынбай туруп** сом менен гана берилет, турак жайды алууга **ишеним адамы талап кылынбайт**.


[1] *2017-жылдын 30-мартта Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 4-майында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2016-жылдын 25-мартынан 2017-жылдын 2-июнуна чейин мамлекеттик ипотека компаниясы тарабынан 1471567833 сом суммасына 1213 кредит берилген.



Региондор боюнча берилген кредиттердин саны



Иш чөйрөсү боюнча заемчуларга берилген ипотекалык кредиттердин саны (2016-жылдын 15-мартына карата)



КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасы алып жаткан жана берилген гуманитардык жардамдарга байланыштуу эл аралык гуманитардык жардам маселелерин жөнгө салуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу гуманитардык жардамдын транзитин камсыз кылуу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **“Эл аралык өзгөчө жардам жөнүндө” жаңы мыйзам**[1] кабыл алынды.

Гуманитардык жардамды алуунун жана бөлүштүрүүнүн колдонулуп жаткан практикасы бир катар көйгөйлөрдүн, маселен, гуманитардык жүктөрдү жол-жоболорштуруунун мөөнөттөрүн обу жок узартуу, салыктардан жана бажы алымдарынан мыйзамсыз бошотуу, пайдалануага жараксыз дары-дармек каражаттарын, тамак-аш продуктыларын ж.б. ташып киргизүү сыяктуу көйгөйлөрдүн бар экендигин көрсөттү.

Ушуга байланыштуу мыйзам менен гуманитардык жардамдардын бажы жол-жоболорунан өтүүсүн максималдуу ылайыкташтырууну, тездетүүнү жана жөнөкөйлөштүрүүнү, мамлекеттик чек арадан өтүүнү, визаны жол-жоболоштурууну, кампаларга киргизүүнү жана бөлүштүрүүнү камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдардын - МЧСтин, бажы, чек ара кызматынын, эмгек жана социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо, тышкы иштер жана ж.б. министрликтеринин бардык бөлүмчөлөрүндө гуманитардык жүктөрдү келип түшкөн пункттарда жайгаштырууну милдеттендирген “бирдиктүү терезе” деген принцип киргизилүүдө. Бул маселен, жарактуулук мөөнөтү 12 айдан ашкан дары-дармек каражаттарын ташып киргизүүгө жол бербейт.

Кабыл алынган мыйзамга ылайык берилүүчү гуманитардык жардам өзгөчө кырдаалдар (табигый кырсыктар, авариялар ж.б.у.) жөнүндө эл аралык коомдоштукка Өкмөт тарабынан расмий билдирүү болгондон кийин ишке ашырылат.

2014-2016-жылдарда Кыргыз Республикасынын аймагында болуп өткөн кырдаалдардын саны жөнүндө статистикалык маалыматтар

	2014 ЖЫЛ	2015 ЖЫЛ	2016 ЖЫЛ	ЖАЛПЫ
1	42	75	142	259
2	3	11	17	31
3	52	56	21	129
4	1	3	0	4
5	5	11	3	19
6	0	0	0	0
7	17	5	8	30
8	0	4	3	7
9	4	3	11	18
10	14	36	21	7
11	6	1	6	13
12	11	6	6	23
13	12	6	5	23
БААРЫ	166	217	243	

1. Селдер жана суу каптоолор
2. Жер көчкүлөр
3. Көчкүлөр
4. Жер титирөөлөр
5. Суу каптоолор
6. Нөшөрлүү жамгырлар
7. Ири өрттөр
8. Инфекциялар
9. Таш кулоолор, жер көчкүлөр
10. Ураган шамалы
11. Мөндүр
12. Кар көчкү
13. Техногендик кыйроолор жана ири жол кырсыктары

[1] *2017-жылдын 4-майда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Калкка мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатын жана оперативдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйлөрү Жогорку Кеңеш тарабынан **“Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” Мыйзамга**[1] өзгөртүүлөрдү киргизүүдө негизги жүйө болду.

Мыйзам менчик ээси болгон жарандарга, мамлекеттик органдарга, сот органдарына, банк мекемелерине, нотариустарга жана башкаларга кыймылсыз мүлк, ошондой эле чектөөлөр жөнүндө маалыматты онлайн режиминде алууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн мөөнөтү кыскартылды.

Кыймылсыз мүлктүн бирдиктүү базасына жетүүнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн мөөнөттөрүн кыскартуу кардарлардын Мамлекеттик каттоо кызматынын кызматкерлерине кайрылышын азайтып, коррупциянын мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт.



Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана чектөөлөрдү мамлекеттик каттоо

мыйзам кабыл алынганга ЧЕЙИН		мыйзам кабыл алынгандан КИЙИН	
ЖЕКЕ жак	1500-3 000 сом, 3-5 күн	ЖЕКЕ жак	520 сом, 5 сааттан 1 күнгө
ЮРИДИКАЛЫК жак	2 000-4 000 сом, 3-5 күн	ЮРИДИКАЛЫК жак	1 040 сом, 10 сааттан 1-2 күнгө



Кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүү

(кыймылсыз мүлккө укуктун бирдиктүү мамлекеттик реестрдин көчүрмөсүн, кыймылсыз мүлккө мурда катталган укуктар жөнүндө маалыматтарды, кыймылсыз мүлктүн техникалык параметрлери жөнүндө маалыматтарды берүү)

мыйзам кабыл алынганга ЧЕЙИН		мыйзам кабыл алынгандан КИЙИН	
ЖЕКЕ жак	500-3 000 сом	ЖЕКЕ жак	152 сом, 30 мүнөттөн 1 күнгө
ЮРИДИКАЛЫК жак	2 500-4 000 сом	ЮРИДИКАЛЫК жак	152 сом, 30 мүнөттөн 1 күнгө

[1] *2016-жылдын 29-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 10-февралында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Жогорку Кеңеш кылмыш саясатын системалуу түрдө реформалоого – коомду кылмыштуу жосундардан коргоону камсыз кылуу, кылмыштуулукка каршы аракеттенүү максатында бир катар жаңы маанилүү кодекстерди жана мыйзамдарды кабыл алды.

Жаңы мыйзамдар кабыл алынды:[1]
Кылмыш-жаза кодекси; Коруктар жөнүндө кодекс; Бузуулар жөнүндө кодекс; Жазык-аткаруу кодекси; Пробация жөнүндө мыйзам кабыл алынды.

Кабыл алынган кодекстердин жаңы редакцияларында көптөгөн жоболор кайра иштелүүгө тушукту, болгондо да системалуу өзгөртүүлөр киргизилди.
Сот адилеттигин гуманизациялоо идеясы, жазык-укуктук таасир этүүнүн репрессивдүү чараларынан четтөө, соттолгонду ресоциализациялоо максатында ага таасир этүүнүн жаңы механизмдерин киргизүү жаңы Кылмыш-жазакодексинин башкы багыттарынан болуп саналат.

Мыйзамда өтө коркунучтуу эмес кылмыштарды жасаган адамдын оңолуу жолуна түшүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү каралган. Мында укук тартибин сыйлоону жана тутунууну каалабаган кылмышкерлер үчүн жазанын шарттары өзгөртүлбөйт.

Коррупциялык факторлордун бири катары жазаны дайындоодо мөөнөттөрдүн диапазону кыскартылды. Жазаны дайындоодо мөөнөттөрдүн градациясы киргизилди. Эркиндигинен ажыратуу мөөнөтү 1 жылдан 15 жылга чейинки чектерде, ал эми бир нече кылмыш жасаганда – 20 жылга чейин белгиленди. Өтө оор кылмыштар боюнча өмүр бою ажыратуу жазасы калтырылды. Шарттуу – мөөнөтүнөн мурда бошотууну колдонуу мүмкүнчүлүгү эркиндигинен ажыратуунун 20 жылын өтөгөндөн кийин гана мунапыс боюнча берилет.


Жаңы технологиялардын өскөндүгүнө байланыштуу коомдо социалдык-экономикалык жана башка мамилелердин түрлөрү, анын ичинде кылмыш чөйрөсү да өзгөрүлүүдө. Кылмыш-жаза кодексинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен мүлктүк укукка кол салган кылмыштар үчүн жоопкерчилик киргизилүүдө. Ошондой эле саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү кылмыштар, тынчтыкка каршы кылмыштар, адамзатка каршы, согушту пропагандалагандыгы үчүн кылмыштар ж.б.у. үчүн жоопкерчилик киргизилди.

Жазык саясатын гумандаштыруу максатында бир катар анчалык маанилүү эмес укук бузуулар Кылмыш-жаза кодексинен **Коруктар кодексине** өткөрүлдү.

Жазык-аткаруу кодекси менен жазаны аткаруу кызматынын ишинин форматы жана мазмуну анын социалдык функциясын күчөтүү жагына өзгөртүлдү. Соттолгондун оңолуусуна жана коомго көнүүсүнө баа берүүнүн критерийлери айкындалды. Соттолуучунун укуктары кеңейтилип эркиндигинен ажыратуу жерлерине көзөмөл, анын ичинде өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан көзөмөл күчөтүлүүдө.

Пробация жөнүндө мыйзам соттолгондун оңолушу жана көнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө жана жаңы укук бузууларды жасоосунун алдын алууга, ошондой эле мыйзамды тутунуу жүрүм-турумун өбөлгөлөөгө багытталган.

Аталган мыйзамдар 2019-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет.



[1] *2016-жылдын 22-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 2-февралында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин[1] жаңы редакциясынын Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынышы жазык сот өндүрүшүнүн бир катар фундаменталдуу көйгөйлөрүн чечүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кылмыш иштери жана жосундар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү, изин суутпай издөө боюнча иш-чараларды жүргүзүү үчүн соттук көзөмөл киргизилүүдө. Кодексте кызматташуу жөнүндө процессуалдык макулдашууга келүү институту (сот адилеттүүлүгү менен бүтүмгө келүү) каралган, тергөө стадиясында эле күнөөлөөчү менен коргоочу тараптардын чыныгы атаандашуусу, эркиндигинен өмүр бою ажыратуу жазасы каралган иштер боюнча сот арачыларынын катышуусу менен сот өндүрүшү киргизилет.

Жазык иштери боюнча сот өндүрүшү алдын ала угуулар менен башталат, бул ишти кароону жөнсүз узартууну четтетүүгө көмөктөшүүгө тийиш. Шектелүүчүнүн, күнөөлөнүүчүнүн укуктарын жана эркиндиктерин чектеген чараларды кабыл алуу, тергөөгө чейинки, органдын кызмат адамына тергөөчүнүн жана прокурордун аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугуна соттук көзөмөл ишке ашыруу үчүн тергөө судьясынын институту түзүлүүдө.

Шектелүүчүгө жана айыпталучууга кепилдиктерди киргизүү жолу менен айыпточунун жана коргоочунун укуктары максималдуу түрдө теңдештирилди. Мисалы, шектүү адам убактылуу кармоочу изоляторго киргизилген учурдан баштап эмес, иш жүзүндө кармалган учурдан баштап коргоочу менен камсыз кылынат. Кармалган адамга бир жолу телефон менен сүйлөшүү укугу берилет, кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүнү талап кылууга, ошондой эле кармалгандан кийин медициналык кароого алынуу укугу берилет. Эми мындан ары сотко чейинки өндүрүш органдары, прокурор жана сот коргоочуну тандоого кийлигишүүгө жана анын ишке катышуусуна тоскоолдук кылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган. Кодексте коргоочунун (адвокаттын) укуктары кеңейтилди. Алар далилдерди депонирлөө, боюнча өтүнүч менен кайрыла алат жана кылмыш ишинин материалдарынан документтердин көчүрмөсүн ала алат.

Кодексте камтылган жоболор судьяларды, адвокаттарды жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерин кошумча даярдоону талап кылганына байланыштуу, окууларды өткөрүү үчүн убакыт каралган.

КОДЕКСТЕ

- жазык жана жорук иштери боюнча сот өндүрүшү алдын ала угуулар менен башталат
- издөө боюнча иш-чараларды жүргүзүү үчүн соттук көзөмөл киргизилүүдө
- тергөө стадиясында күнөөлөөчү менен коргоочу тараптардын чыныгы атаандашуу
- сот арачыларынын катышуусу менен сот өндүрүшү
- тергөө судьясынын институту түзүлүүдө



айыпточунун жана коргоочунун укуктары теңдештирилди



шектүү адам кармалган учурдан баштап коргоочу менен камсыз кылынат



коргоочу (адвокат) далилдерди депонирлөөгө укугу бар

[1] *2016-жылдын 22-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 2-февралында Президент кол койгон*


КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Сот реформасын андан ары жүргүзүү алкагында сот иштеринин ачыктыгына, айкындыгына жана жеткиликтүүлүгүнө максималдуу түрдө жетишүү максатында **“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө” Мыйзамга**[1] өзгөртүү киргизилген.

Мыйзам сот адилеттигин жүргүзүү учурунда судьяга кийлигишүүнүн жана басым жасоонун бардык фактылары жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле соттордун ишинин убактысы жана тартиби, соттогу иштердин жана арыздардын каралышы жөнүндө маалыматтарды, аларды кароонун убактысы жана орду жөнүндө маалыматтарды, сот актыларын жылдыруу, токтото туруу жана жарыялоо тууралуу маалыматтарды жайгаштырууга сотторду милдеттендирет.

Мындан тышкары, жарандарга ыңгайлуу болушу үчүн сот актыларына – өкүмдөргө, чечимдерге, аныктамаларга интернет-сайтта https://www.sot.kg маалымат алууга кепилдик берилет.

WEB-сайт www.sot.kg



1 Судья 2 Сот 3 Берене 4 Иштин түрү 5 Дата

6 # иш 7 Отурумдун убактысы 8 Жарыялоо

Мыйзам соттордун иштөө убактысы жана тартиби жөнүндө, соттордо иштерди жана арыздарды кароонун жүрүшү тууралуу, аларды кароонун убактысы жана орду жөнүндө маалыматтарды, кийинкиге калтыруу жана токтото туруу жөнүндө маалыматтарды жарандар үчүн жайгаштырууну сотторго милдеттендирет


31.05.2017-жылга карата сайтта **33 618** сот актылары жарыяланган

[1] *2016-жылдын 23-июнунда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2016-жылдын 27-июлунда Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Сот реформасын жүзөгө ашыруу максатында жарандык иштерди сот тарабынан өз учурунда, сапаттуу жана толук каралышына шарттарды түзүү, жарандык процесстин натыйжалуулугун жана айкындыгын жогорулатуу, соттордун ишинин атаандаштыгын, ачыктыгын, айкындыгын өнүктүрүү үчүн Жогорку Кеңеш тарабынан жаңы **Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик Кодекси**[1] кабыл алынды.

Кодекс сот инстанцияларынын жаңы моделин, сот актыларын Жогорку сотко даттануу мөөнөтүн 1 жылдан 6 айга кыскартууну алдын ала сот отурумунун жаңы институтун киргизип, жарандык процесстин бардык стадиясында медиация институтун киргизүүнү карайт.



[1] *2016-жылдын 15-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 25-январында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Сот чечимдери натыйжалуу аткарылбаса, жарандардын соттук коргоо укугун жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес. Ошол эле учурда, кабыл алынган сот чечимдеринин сот аткаруучулар тарабынан аткара албай жаткандыгы соттук чечимдердин натыйжалуулугуна көлөкө түшүрүп, жарандарды мыйзамсыз жол менен бузулган мүлктүк укуктарын калыбына келтирүүгө аргасыз кылып, сот бийлигинин аброюна залака тийгизип жатат. Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш тарабынан **“Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамга**[1] өзгөртүүлөрдүн кабыл алынышы аткаруу документтерин жүзөгө ашырууга байланышкан мамилелерди жөнгө салуу үчүн жакшы укуктук база болуп калууга тийиш.

Мыйзам сот аткаруучуларга карызкордун мүлктүк абалына байкоо жүргүзүү боюнча жаңы укуктарды ыйгарды. Ага ылайык 48 сааттын ичинде бардык мамлекеттик органдар, банктар сот аткаруучулардын кайрылуусу боюнча карызкордун мүлктүк абалы тууралуу билдирүүгө милдеттүү. Карызкордун фамилиясынын, атынын, атасынын атынын, паспорттук маалыматтарын өзгөрткөндүгүнө карабастан, кирешелерин жана мүлктөрүнүн бардык түрлөрүн, акча каражаттарын, утуштарын, белектерин, мурастарын, материалдык жардамдарын ж.б.у. кошкондо камакка алуу каралган.

Мындай механизмдер сот аткаруучуларга соттук чечимдерди аткаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтөт.



[1] *2016-жылдын 15-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 28-январында Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Улуттук транспорт рыногунун, Кыргыз Республикасынын аймагында каботаждык[1] автомобилдик жүктөрдү ташууну ишке ашырган Кыргыз Республикасынын жүк ташуучуларынын кызыкчылыгын коргоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекске**[2] өзгөртүү кабыл алынды.

Мыйзам менен Кыргыз Республикасынын аймагында каботаждык жүк ташууларга тыюу салууларды бузушкандыгы үчүн чет элдик жүк ташуучуларга 10 миңден 50 миң сомго чейинки административдик айыптын өлчөмү жогорулатылды. Эми айыптын өлчөмү Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ)21 катышкан өлкөлөрдүн аймагына салынуучу айыптар менен шайкеш келтирилди.

Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге кошулуусу 2016-жылдан 2025-жылга чейинки мөөнөттө ЕАЭБ мамлекеттеринде жүк ташууларды аткарууну этап боюнча либералдаштыруу программасын жүзөгө ашырууну Кыргыз Республикасынан талап кылат. ЕАЭБ мүчө өлкөлөрдүн автомобиль менен жүк ташуучулар үчүн жалпы рынокту түзүү – ушул Программанын максаты. Ал 4 этапта 2016-жылдын январынан баштап 2025-жылдын январына чейин жүзөгө ашырылат.

2016-жылдын 1-январы - 2017-жылдын 31-декабры
I этап: өз мамлекетине кайра кайткан жолунда бир каботаж жүк ташуусун аткаруу укугу

2018-жылдын 1-январы – 2019-жылдын 31-декабры
II этап: тийиштүү областтардын ортосунда өз мамлекетине бараткан жолдо автожүктөрдү бир каботаждык ташууну аткаруу укугу

2020-жылдын 1-январы – 2024-жылдын 31-декабры
III этап: өзүнүн мамлекетине кайра тарткан жолдо бардык региондордун аймагы боюнча өткөн багыттарда жүктү бир каботаждык ташууну аткаруу укугу

2025-жылдын 1-январынан кийин
IV этап: үч каботаждык жүк ташуу укугу

2015-2016-жылдарга КРга жана КРдан ЕАЭБ жана КНРга жүктөрдү автоташуулар

	2015 жыл				2016 жыл			
	Россия	Беларусь	Армения	Кытай	Россия	Беларусь	Армения	Кытай
Кыргызстанга рейстер	1247	740	4	15226	2194	852	2	16528
жүктүн массасы	12047	5973	41	186934	34302	13045	29	223345
Кыргызстандан рейстер	4800	62	2	58405	6546	133	0	63077
жүктүн массасы	58469	1304	20	761996	116409	2346	0	1163293

[1] *"Каботаж" – жүргөн өлкөсүндө калктуу конуштардын ортосунда чет элдик автоташуучулардын жүктөрдү ташуусун жүктөө жана түшүрүү) ишке ашыруу.*
[2] *2017-жылдын 30-мартында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 28-апрелинде Президент кол койгон*

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Соңку жылдарда маалыматтык – коммуникациялык технологиянын рыногу өтө өзгөрүлдү, жаңы технологиялык чечимдер жана мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Телерадиоберүү жаатындагы дүйнөдөгү технологиялык прогресс санариптик көрсөтүүгө өтүү менен белгиленди, ал көрсөтүүнү сапаттуу жакшыртууга мүмкүнчүлүк берип, программалардын санын арбытып, телерадиоберүүлөрдү интерактивдүү мультимедиалык кызмат көрсөтүүлөр менен толуктады.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынан заманбап технологиялар менен үзөңгүлөш жүрүү мүмкүнчүлүгүн шарттады. Анткени аналогдук телерадиокөрсөтүү коомдун муктаждыгына ылайык келбей радио жыштык спекторунун жетишсиздиги көйгөйүн жаратып, дүйнөлүк стандарттардан жана технологиялык системадан артта калууну пайда кылмак. Ошондуктан Кыргызстан “РКР Женева шаары 2006” радиобайланыштын регионалдык конференциясынын макулдашуусуна кошулган, ал санариптик үн берүү жана телекөрсөтүүгөөтүү планын карайт[1]

Ушул планды жүзөгө ашыруу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **“Электр жана почта байланышы жөнүндө”, “Лицензиялык – уруксат берүү тутуму жөнүндө”, “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” мыйзамдарга**[2] өзгөртүүлөрдү киргизүү кабыл алынды, ал Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүсүнө өтүүсүнө ийгиликтүү даярдануага укуктук шарттарды түздү. Ошону менен бирге мыйзамда мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө, ошондой эле ата мекендик компаниялар тарабынан өздүк телерадиопродукцияларды чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө зор көңүл бурулду.


Санариптик телекөрсөтүүнүн артыкчылыктары

- көрсөтүүнүн сапатын жакшыртат
- программалардын санын көбөйтөт
- интерактивдүү мультимедиалык кызматтар менен көрсөтүүнү толуктайт

Санариптик телерадиоберүүнү ишке киргизүүнү зарылчылыгы

- радиожыштык спекторунун жетишсиздиги
- коомдун социалдык муктаждыгынын өсүшү
- санариптик телекөрсөтүүнүн бирдиктүү дүйнөлүк стандарттарын ишке киргизүү


Санариптик телерадиокөрсөтүүгө Кыргызстандын өтүшү




[1] *2015-жылдын 17-июнунан аналогдук телекөрсөтүүнүн телеканалдарынын жыштыгы эл аралык коргоо күчүнөн ажыраган*
[2] *2017-жылдын 30-мартында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, 2017-жылдын 4-майында Президент кол койгон*

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БОЮНЧА ТӨРАГАНЫН ИШ САПАРЛАРЫ



ТӨРАГАГА ЖӨНӨТҮЛГӨН КАТТАРДЫН МАЗМУНУ




ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ЭЛДИК МЕЙМАНДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ





ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ



1. Парламенттик ассамблея
Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюму (ОДКБ)

2. Парламенттик кызматташтык
Ислам кызматташтык уюму **(OIC)**

3. КМШ **парламенттер аралык ассамблеясы**

4. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн парламенттик ассамблеясы (TURKRA)


5. Европа Бирлигинин кеңеши (CEC)

6. Парламенттер аралык бирлик (МПС)

7. ОБСЕ **парламенттик ассамблеясы**

СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНАН 2017-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ЭЛДИК ИШ САПАРЛАРЫ ЖАНА ЖОЛУГУУШУЛАРЫ



1. ПАКИСТАН
- Пакистандын Президенти Мамнун Хуссейн;
- Премьер-министр Мухаммад Набаз Шариф;
- Сенатынын Төрагасы Раза Раббани;
- Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы Сардар Аяз Садик;
- Пакистандын суу жана энергетика федералдык министри;
- Соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык Кыргыз-Пакистан комиссиясынын теңтөрагасы Хаватжа Мухаммад Асиф;
- Соода-өнөр жай палатасынын мүчөлөрү жана бизнес-коомдоштуктун өкүлдөрү

Исламабад ш., 2017-жылдын 12-16-марты

2. ИРАН
- Ислам Кеңешинин Мажилисинин төрагасы Али Лариджани;
- Жолдор жана шаар куруу министри/КР менен Ирандын ортосундагы соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык комиссиясынын Иран бөлүгүнүн тең төрагасы Аббас Ахунди;
- Соода-өнөр жай палатасынын президенти Гал Хуссейин Шефеи;
- Тышкы иштер министри Мохаммад Джавад Зариф

Тегеран ш., 2017-жылдын 23-27-апрель

3. ЧЕХИЯ
- Сенатынын төрагасы Милан Штех;
- Депутаттардын Палатасынын төрагасы Ян Гамачек;
- Пермьер-министри Богуслав Соботка;
- Депутаттардын палатасынын төрагасынын орун басары/Чехия Республикасы менен Борбордук Азия мамлекеттеринин парламенттер аралык Достук тобунун жетекчиси Войтех Филип

Прага ш., 2017-жылдын 25-27-майы

4. КЫТАЙ
- КПК БК Саясий бюросунун мүчөсү Лю Юньшань;
- Монголиянын Улуу Мамлекеттик Хуралынын (парламентинин) төрагасы Миегомбо Энхболд;
- КПК БКнын эл аралык бөлүмүнүн башчысы Сун Тао;
- Чунцин шаарынын мэри Хуан Цифань

Чунцин ш., 2016-жылдын 13-17-октябры

7. АЗЕРБАЙЖАН
- Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев;
- Азербайжан Республикасынын Милли Мажилисинин төрагасы Октай Асадов;
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин төрагасы Нурлан Нигматулин;
- Түркия Республикасынын Улуу Улуттук жыйынынын Төрагасы Исмаил Кахраман

Баку ш., 2016-жылдын 21-декабры

6. ТУРКИЯ
- Премьер-министри Бинали Йылдырым;
- Улуу Улуттук Жыйындын спикери Исмаил Кахраман

Стамбул ш., 2017-жылдын 22-25-майы

7. РОССИЯ
- Федерация Кеңешинин төрагасы Валентина Матвиенко;
- Мамлекеттик Думанын төрагасы Вячеслав Володин;
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин төрагасы Нурлан Нигматулин;
- Армения Улуттук Жыйынынын вице-спикери Эдуард Шармазанов;
- Азербайжан Республикасынын Милли Мажилисинин төрагасы Октай Асадов;
- Пакистандын Улуттук Ассамблеясынын төрагасы Сардар Аяз Садик

Санкт-Петербург ш., 2016-жылдын 23-27-ноябры

8.
- Федерация Кеңешинин төрагасы Валентина Матвиенко;
- Мамлекеттик Думанын төрагасы Вячеслав Володин;
- Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын төрагасы Педро Аграмунт;
- ОБСЕ Парламенттик Ассамблеясынын төрагасы Кристин Муттонен;
- И. Репин атындагы Россия Федерациясынын сүрөт академиясына сүрөтчү, СССР эл артисти Сүймөнкул Чокморовдун бюстун салтанаттуу тапшыруу каадасы;
- ОДКБ ПА Кеңешинин жыйынына катышуу;
- КМШ МПА Кеңешинин жыйынына катышуу;
- КМШ МПА 46-пленардык жыйынына катышуу;
- КМШ МПА салтанаттуу жыйынына катышуу


Санкт-Петербург ш., 2017-жылдын 25-28-марты

9.
- Петербург эл аралык экономикалык форуму;
- Федерация Кеңешинин төрагасы Валентина Матвиенко

Санкт-Петербург ш., 2017-жылдын 1-2-июну

Официалдуу иш сапарлары Жумушчу иш сапарлары

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУСУНУН КАРТАСЫ




1. Россия 2. Кытай 3. Казахстан 4. Улуу Британия 5. Япония 6. Пакистан 7. Иран 8. Чехия 9. Германия 10. Туркия 11. Армения

12 АКШ 13. Финляндия 14. Индия 15. Кувейт 16. Польша 17. Азербайджан 18. Өзбекстан 19. Монголия 20. Грузия 21. Бангладеш

ЖОГОРКУ КЕНЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖУМУШЧУ ИШ САПАРЛАРЫ

Фракциялар боюнча



ЭҢ КӨП барган өлкөлөр



ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН БОЛГОН АЛАКАЛАР



Жогорку Кенештеги ЭФИР Радио/ТВ көрсөтүүлөрү

«Парламенттин» **180** ашык чыгарылышы

«Парламенттин» **35** чыгарылышы

«Парламентаризм сабактарынын» **38** чыгарылышы

«Галстуксуз жолугушулардын» **18** чыгарылышы

ЖКнын басма сөз релизинин чыгарылышы


2000ден ашык

Депутаттардын басма сөз конференциялары

9

ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН БОЛГОН АЛАКАЛА

ЖОГОРКУ КЕНЕШКЕ ЭКСКУРСИЯЛАР



ЖКнын WEB-сайты www.kenesh.kg



1 Жаңылыктар 2 Видео 3 Сүрөттөр 4 Парламенттик радио 5 Байланыштар
6 Эл аралык иштер 7 ЖК түзүмү 8 Мыйзам долбоорлору

web-сайтты көрүүлөрдүн саны	8 355 736
web-сайтка киргендердин саны	1 062 501

ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРДИН СТАТИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

ШАЙЛООЧУЛАРЫНЫН САНЫ **2,2**ден **4 МЛН. АДАМ**га **ЧЕЙИН БОЛГОН**

Парламенттин аталышы	Улуттук чогулушу	Парламент	Фолькетинг	Улуттук Ассамблея	Жогорку Кенеш	Сейм
Түзүлгөн жылы	1995	1997	1889	1971	1995	1923
Депутаттардын саны	101	150	179	57	120	100
Өлкөлөр	Армения	Грузия	Дания	Коста-Рика	Кыргызстан	Латвия
Шайлоочулардын саны (млн. адам)	2,58	3,51	4,15	3,02	2,85	1,55
Бир депутатка шайлоочулардын саны (миң адам)	25,6	23,4	23,2	53	23,8	15,5
Депутаттын иш мөөнөтү	5 жыл	4 жыл	4 жыл	4 жыл	5 жыл	4 жыл

ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРДИН СТАТИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАРЫ

ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТЕРИНИН САЛЫШТЫРМА МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

Улуттук Ассамблея	Сейм	Парламент	Парламент	Сторинг	Улуттук Ассамблея	Парламент
1932	1923	1990	1959	1890	1963	1963
128	141	101	119	169	71	124
Ливан	Литва	Молдова	Новая Зеландия	Норвегия	Панама	Сиерра-Леоне
3,26	2,40	3,02	3,14	3,64	2,41	2,69
25,5	17	29,9	26,4	21,5	34,6	21,7
4 жыл	4 жыл	4 жыл	3 жыл	4 жыл	5 жыл	5 жыл

БЕЛГИЛӨӨ ҮЧҮН

БЕЛГИЛӨӨ ҮЧҮН

Жогорку Кенештин 2016-жылдын 1-сентябрынан 2017-жылдын 1-июнуна чейинки сессия мезгилиндеги иши жөнүндө Төраганын отчетун даярдоо боюнча жумушчу тобу

Касмамбетов С.С. – ЖК КРдин Аппарат жетекчесинин орун басары, жумушчу топтун жетекчиси

Такенов Б.Т. - Илимий изилдөө борборунун жетекчиси, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары

Сулайманова Ж.Д. – Ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана чыгаруу бөлүмүнүн башчысы

Кушубеков К.К. – Котормо жана редакциялоо бөлүмүнүн сектор башчысы

Базарбаева А.Р. – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы

Султанбаева Г.А. – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы

Исаков Э.К. – Маалыматтар технологиясы бөлүмүнүн эксперти

Басылма Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын жана Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташуу агенттигинин «Жарандардын активдүү катышуусундагы күчтүү парламенттик демократия» долбоорунун алкагында чыгарылды

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

Полноправные люди.
Устойчивые страны.